# ИСЛАМДЫН ДҮЙНӨЛҮК ЖАШООГО БОЛГОН КӨЗ КАРАШЫ

Доктор Ахмет Хикмет Эроглу*

Дин коомдо өзүнүн жашоосун коомдун байлыгы катарында гана уланта алат. Бир динге ишенген адамдар, бирдей ишенимдерге ээ болушат, бирдей ибадаттарды кылышат. Бул диний ишеним жана ибаадаттар адамдарды дүйнөдөгү окуяларга карата бир ыңгай мамиле кылууга багыттайт.[1] Ушуну менен дин адамдарда бирдей аң-сезимдин калыптанышына көмөкчү болот.[2] Бир динге ишенгендер дүйнөлүк жашоого бирдей көз караште болушат. Бул мамилелердин таасири диндин коомдогу абалына карай басаңдайт же күчөйт.

Илимпоздор өздөрүнүн изилдөөлөрү менен диндердин, динге ишенгендердин дүйнөлүк ой-пикирге кошкон салымдарын сунуш кылууга аракеттенүүдө. Бул изилдөөлөрдүн эң маанилүүсү - Max Weber'дин «Протестанттардын ахлагы жана Капитализмдин руху» аттуу китеби. Weber бул чыгармасында протестанттыктын капитализмдин пайда болушуна тийгизген таасирин баяндаган.

Ар бир диндин дүйнөдөгү жашоого карай ар түрдүү мамилелери бар. Бул мамилелерди оң жана терс, тандоо, тагдыр, тең салмактуулук деп беш класска бөлүп, изилдей алабыз.

Көбүнчө манихеизм, сабиизм жана зороастризм сыяктуу диндер дүйнөлүк жашоону "оң" деп эсептешет. Дүйнөнү жарыктык менен караңгылык таймашкан аймак катары кабыл алышат. Бирок, алар акыр аягында жарыктыктын жеңишин ойлошуп, дүйнөдөгү жашоого терс көз караште. Конфуций да акырет жашоосу тууарасында көп нерсе билүү мүмкүн болбогондугун айтып, бул дүйнөдөгү жашоого маани берет.

Кээ бир диндер бул дүйнө жашоосуна терс мамиле кылышат. Мындай диндердин эң белгилүүсү - Буддизм. Буддизмдин ою боюнча дүйнө жашоосу жалган бир кыялдан түзүлгөн. Ошондуктан жашоо бул азап болуп эсептелет. Төрөт, оору, карылык, өлүм, жек көргөн нерселер менен чогуу болуу, жактырганынан алыста болуу дүйнөлүк жашоонун чындыгы. Булардын баардыгы азап. Бакыт болсо өтүп кетүүчү нерсе, аны издөө да азап.[3]

---

* Анкара университети, теология факультети

[1] Unver Gunay Din Sosyolojisi, Kayseri 1996, 160-161-беттер.

[2] Joachim Wach. Din Sosyolojisi, (которгон Unver Gunay), Istanbul 1995, 76-бет.

[3] Маалымат үчүн караңыз. Ekrem Sarikcioglu, Baslangictan Gunumuze Dinler Tarihi, Istanbul 1983, 163-бет.

Дүйнө жашоосун толук бойдон моюнга албаган, диндер дүйнөнү метафизика жана ахлак жагынан туура эмес чечмелөө менен бирге шартка жараша көз карашын өзгөртүүгө даяр. Бул мамиле христианчылыктан айкын көрүнүп турат. Алгачкы христиандар жашоону тандашкан. Себеби, Инжилдерде Аз. Исанын «Байлардын бейишке кирүүсү - төөнүн ийненин көзүнөн өтүүсүнөн дагы кыйын экендиги айтылат.[4] Алгачкы мезгилдин христиандары бул түшүнүк менен аракеттенишип, Исанын Жер жүзүнө келип Теңирдин хандыгын курuусун күтүшкөн. Бирок, бул күтүүлөр пайда деле берген эмес. IV кылымда Августун «Теңирдин шаары» аттуу чыгармасында Теңир негиздей турган шаарга окшош шаарды инсандар тарабынан да куруу мүмкүн экендигин белгилеген.[5]

Орто кылымдарда христиандардын арасында дүйнө жашоосунан баш тартууну ар дайым жогору баалаган. Жизвиттер, Доминикандар жана Франциктер сыяктуу кедейликти жактаган христианчылыктын группалары ушул доордо пайда болушкан. XVI кылымда протестант лидерлер, өзгөчө Келвин «дүйнөдөн качкан кегил» түшүнүгүнүн ордуна «дүйнөгө кайрылган кегил» түшүнүгүн пайда кылган. Ушундан тартып алар бул дүйнөгө маани берген жашоо түшүнүгүнө ээ болушкан.

Диндердин кээ бирлеринде тагдыр мамилеси көтөрүлүүдө. Бул мамиле адамдар эмне кылышса да, белгиленген чектин тышына чыга алышпайт деген түшүнүк. Тагдыр түшүнүгү Индуизмде айкын көрүнүп турат. Инди ишеними боюнча адамдар белгилүү касталарга тиешелүү болуп төрөлүшөт. Адамдардын дүйнөгө келген касталары алардын мурунку жашоолорундагы кылган иштеринин жыйынтыгы. Адам бул дүйнөдө, өзүнүн кастасынын талабына жараша өмүр сүрүшү керек. Ошондуктан адамдын бул дүйнөдөгү кылган аракеттери, өзүнүн кастасы тарабынан белгиленет.

Ислам дини эң акыркы дин болгондуктан, башка диндерге салыштырмалуу өзгөчө орунду ээлеп турат. Кудайдан келген кабардын ачык-айкындыгы, ыйык китеби Курандын бүгүнкү күнгө чейин өзгөрбөй келиши жана анын бузулбагандыгы Ислам дининин фундаменти бекем экендигин айкындап турат.

Ислам дүйнө жана акырет жашоосуна бирдей орун берген. Исламдын негизги принциби дүйнөдө жана акыретте инсандардын жакшылыгын жана бактылуулугун сактап калуу. Ислам дини дүйнө жашоосуна каршы эмес, ошол эле учурда жалаң эле дүйнө жашоосун негиз алган материалисттик түшүнүккө да жол бербейт. Инсандын рухун жана денесин өнүктүрүп, бактылуу жашоосун биринчи планга коет. Инсандын сырткы дүйнөсү үчүн ички дүйнөсүн, ички дүйнөсү үчүн да сырткы дүйнөсүн кыйбайт. Куранда "...Инсандардын бир бөлүгү Кудайым пайдаңды бизге бул дүйнөдө көрсөт дешет. Булардын акыретте эч кандай утугу жок. Алардын бир бөлүгү болсо кудайым бизге бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылыкты бер жана бизди тозок азабынан сакта дешет. Мына ушулар гана утукта болушат" [6] деп жарыялаган.

Исламдын көз карашы боюнча чыныгы бактылуулукка о дүйнөдө гана жетишилет, бул дүйнө болсо акырет жашоосу үчүн сыноо дүйнөсү болуп эсептелет. Бирок акыреттеги бактылуулукка жетишүү үчүн бул дүйнөдөгү көп нерселерден баш тартуу Ислам дининде туура деп эсептелбейт.

---

[4] Маалымат үчүн караңыз. Матта Инжили. XIX / 23-24-беттер; Маркос Инжили, X / 23-31-беттер; Лука Инжили. XVIII / 24-беттер.

[5] Маалымат үчүн караңыз. Gunay, a.a.a., 293-бет.

[6] Бакара сүрөсү. 200-202-аяттар

Куранда асмандагы жана жердеги көптөгөн нерселер жана мүмкүнчүлүктөр, ырыскылар адамдардын пайдасы үчүн берилгени[7] бул ырыскыларга эсеп жетпей тургандыгы,[8] жер жүзүндө эмне болсо баарысы адамдар үчүн жаратылгандыгы[9] ачык-айкын белгиленген жана инсандардын бул дүйнөдөгү буюрган насибин алуусун унутпоосу айтылган.[10]

Аз.Мухаммед турмушун Кураны-Керимге ылайыктуу өткөзгөн жана акырет тең салмактуулугу тууралуу жогорку даражадагы мисалдарды көрсөткөн. Ал бул дүйнө жашоосуна карата активдүү образда болуу анын байлыктарынан, ырыскыларынан пайдаланган, эч качан артын салган эмес. Ошол эле учурда диндин буйруктарына моюн сунуп, сыйынууну жана ибадаттарды толугу менен аткарып, Куранда эң жакшы турмушта жашоо жөнүндө айтылган нерселерди инсандарга көрсөткөн. Ал «берген кол, алган колдон жогору турат» деп инсандын курулай чыдамкай болуусунун ордуна, иштеп табуу зарыл экендигин белгилеген. Аз. Мухаммед бир күнү өзү бай деп билген сахабаларынын биринин аябагандай кайгылуу жүргөнүн көрөт. Анын эмне себеп менен бул абалга туш болгонун сураган учурда, ал «менин жетишерлик мал-мүлкүм бар, бирок буларды өз муктаждыгыма колдонуунун ордуна анын баарын колунда жокторго сарптоону туура таптым» деп жооп берет. Ал адамга Аз. Мухаммед: «Жок андай кылба, өзүңүн муктаждыгың үчүн да сарпта. Кудай, кулдарына берген байлыкты алар өздөрү да пайдаланганын жактырат»- деп жооп берген.[11]

Исламдын көз карашы боюнча адам «эч өлбөй тургандай болуп, бул дүйнө үчүн, эртең өлө тургандай тигил дүйнө үчүн» иштөөсү зарыл. Исламдын бул айкын буйругу болсо дагы, тарыхта көптөгөн мусулман коомдору, бул активдүү көз караштты түшүнө албаган, алардын «бир тиштем оокаты, бир тону» башкача айтканда бир күндүк азыгы жана кийүүгө бир гана кийими болсо жетишет деген түшүнүккө кабылышкан. Мындан башка нерсеге муктаждыгым жок деген түшүнүктө болушкан. Кураны Керимдеги инсанды өзүн өзү изилдөөгө чакырган жана билимдүүлөр билимсиздерден жогору тураары жөнүндөгү аяттарга маани беришкен эмес. Аз. Мухаммеддин илим үйрөнүү (билим алуу) эркек-аял мусулмандарына парз экендиги тууралуу хадистери толугу менен түшүндүрүлбөстөн, бул дүйнөгө карата пассивдүү образ пайда болгон. Айрыкча Тасавуф (суфилик, мистицизм) философиясы жөнүндө туура ой жүгүртүүлөр болбогон коомдордо дүйнө байлыктарына терс кароо, жалгыздык, азап, коомдон четте калууга окшогон исламдын негиздерине туура келбеген пикирлер пайда болгон. Чын-чынына келгенде Исламдын бул дүйнөгө карата активдүү көз карашы инсандарды ар дайым өзүнө чакырат. Кураны-Керимде ар ким өзүнүн кылган кызматынын убайын көрөт[12] деп айтылат. Ошол себептен ар бир мусулмандын өзү жана жакындары үчүн иштөөсү жана жаңы кадамдарды жасоосу зарыл. Бул принцип исламдын активдүү дүйнө түшүнүгүнүн негизи болуп саналат.

Ислам акырет жашоону унутуп жалгыз бул дүйнө жашоосуна кам көрүнүү туура көрбөгөндөй эле, бул дүйнө жашоосун кор тутууну да туура эмес деп

---

[7] Локман сүрөсү, 20-аят
[8] Нахл сүрөсү, 18-аят
[9] Бакара сүрөсү, 29-аят
[10] Касас сүрөсү, 77-аят
[11] Muhammed Hamidullah, İslam'a Giriş, TDV yayınları, Ankara 1996, s.179
[12] Нежим сүрөсү, 39-аят

эсептейт. Бул дүйнө кызыкчылыгынан кечүүнү, адамдын өзүн-өзү жек көрүүсүн жана денесине азап көрсөтүүсүн жакшы көрбөйт. Куран Кудай кулдары үчүн жараткан коозлуктарды жана байлыктарды эч ким арам кыла албастыгын[13] эскертип, адамдын өзүнө азап берүүсүнө, Кудайдын бергендеринен кол үзүүсүнө тыюу салган.

Баштапкы доорлордо, Ислам дүйнөсү дүйнөгө карата активдүү көз караште болгон жана мусулмандар көптөгөн ийгиликтерге жетишишкен. Бирок убакыттын өтүшү менен өзү жайылган жерлерде жашаган жергиликтүү калктардын түшүнүгүнүн таасиринде дүйнөгө карата пассивдүү көз караштар күчөй баштаган. Орто кылымда ренессанс жана реформанын пайда болушуна таасирин тийгизген Ислам аң-сезими кийинчерээк өз күчүн жогото баштаган. Бүгүнкү күндө Ислам илимпоздору Исламдын дүйнөгө карата тең салмактуулук көз карашын жаңыдан жандандырyycy өз коомдорунда дүйнөнү да тең салмакта сактоого себепчи болууда. Ошондуктан мамлекет башчыларына да өтө маанилүү болгон жоопкерчилик жүктөлүүсү керек. Исламдын негизги принциптерине таянып, жаңычыл илим жана билим берүү методдорун колдонгон уюмдарга өкмөт башчылары колдоо көрсөтүүсү зарыл. Чыныгы Ислам динин жана анын негизги философиясын терең түшүнө албаган адамдар тарабынан элге диний билим берилүүсүнүн натыйжасында коомдо фундаменталисттик агымдар пайда болууда. Ошондуктан, адамдардын бирибирине болгон мамилесин бекемдеген дин диний билими аз адамдар тарабынан бурмаланып, адамдарды бөлүп жарган жана коомдо чыр-чатактардын чыгышына себепчи болгон ар кандай факторлорду жаратууда.

---

[13] Араф сүрөсү, 32-аят